Педагогикалык кеңешмеде каралды
Протокол
№1. 03.09.22

БЕКИТЕМ
№98 ОЖББМнин директору
К.У. Урматов
"03" 09 2022 ж.

# Усулдук бирикменин жетекчиси жөнүндө
# ЖОБО

*1. Жалпы жоболор:*

- Усулдук бирикменин жетекчиси кесиби боюнча жогорку билимдүү, педагогикалык стажы 5 жылдан кем эмес болгон мугалим болуш керек.
- УБ жетекчиси директордун буйругу менен дайындалат
- УБ жетекчиси түздөн-түз мектеп директоруна жана директордун усулдук иштер боюнча орун басарына баш ийет.
- УБ жетекчиси бекитилген топтогу мугалимдердин усулдук иштерин уюштурат жана аткарылышын көзөмөлдейт.
- Усулдук бирикменин ишин план боюнча жетектейт.
- Жетектеген УБнын мүчөлөрүнүн жылдык пландарын иштеп чыгуусун жана аткарылышын карайт.
- Зарыл болгон усулдук иш кагаздарды иштеп чыгууну уюштурат.
- Административдик иштердин тапшырмаларын, олимпиадалык тапшырмалардын иштелип чыгышын уюштурат.
- УБнын мүчөлөрүнүн квалификациясын жана кесиптик чеберчилигинин (аттестациядан өтүүсүн) жогорулашын көзөмөлдөйт.
- УБ мүчөлөрүнүн ишин баалайт.
- Предметтик декаданы уюштурат жана өтүлүшүн көзөмөлдейт.
- УБ мүчөлөрү жөнүндө маалыматтарды топтойт.
- УБ мүчөлөрүнүн өз билимин өркүндөтүү темасы үстүндө иш алып баруусун көзөмөлдөйт.
- Усулдук бирикменин билим сапатынын көрсөткүчтөрүн предмет, мугалим, класс боюнча жалпылайт.
- УБнын усулдук иш кагаздарынын белгиленген иретте, сапаттуу жүргүзүлүшүнө жоопту.
- УБнын ишмердүүлүгү боюнча жылдык анализ чыгарат